
“Тарых жана мурас” түрмөгү




# ЖУСУП МАМАЙ

## Дастанда калган өмүр

(1918 - 2014)

(Илимий макалалар топтому)

Бишкек - 2015

**«ТАРЫХ ЖАНА МУРАС» ТҮРМӨГҮ**

Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратына караштуу

Кыргыз элинин тарыхый жана маданий мурастарынын "Мурас" фонду

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү

Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети

"Диалог Евразия" коомдук фонду

"Кыргыз Тарых Коому" эл аралык коомдук бирикмеси

Какен Мамбеталиева атындагы Нарын облустук тарыхый-этнографиялык музейи

Муратбек Субакожоев атындагы Нарын лицейи

# ЖУСУП МАМАЙ

## (1918 – 2014)

## Дастанда калган өмүр

*Кытайлык залкар кыргыз манасчысы Жусуп Мамайдын чыгармачыл мурасы тууралуу илимий баяндамалардын жана макалалардын топтому*

Бишкек - 2015

**Халматов к. А.**
Кытайлык кыргыздар: тарыхый-этнографиялык сереп ........ 66

**Эсеналиева Г. О. Кадыралиева К.**
Кыргыз элинин улуу жомокчусу – доор даанышманы Жусуп Мамай ........ 69

**2-БӨЛҮМ.**
**ЖУСУП МАМАЙ ЖАРАТКАН "МАНАС" ДАСТАНЫНЫН ВАРИАНТЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ**

**Абакирова Т. Т., Дүйшеев Ж. А.**
ЖОЖдогу «Манастаануу» курсунда Жүсүп Мамай компонентинин өзгөчөлүктөрү, айырмалары ........ 73

**Абдалиева Г. К.**
Эмпирикалык салттуу билимдердин «Манас» эпосунда чагылдырылышы ........ 75

**Абдиева Ж. К.**
"Манас" эпосундагы кыргыздардын нике байланыштарынын чагылдырылышы ........ 77

**Абдырасул Таш уулу**
Залкар манасчы Жүсүп Мамай вариантындагы Манаска берилген энчилүү аттарды кайра изилдегенде ........ 82

**Анарбаева Г. А., Анарбекова В. Э.**
"Манас" эпосунда сөөк коюу салтынын чагылдырылышы ........ 84

**Галып Садыр уулу**
Жүсүп Мамайдын айтуусундагы "Манас" дастанынын вариантында мекен сүйөрдүк рухунун чагылдырылышы ........ 87

**Доранова А. Д.**
Жусуп Мамайдын «Манас» эпосундагы эстетикалык көз караштар ........ 91

**Жантаев А. С., Аскар уулу Таалайбек**
Жусуп Мамайдын вариантындагы «Манас» эпосунун сюжеттик бөтөнчөлүктөрү ........ 94

**Капалбаев О.Э.**
«Манас» эпосунун С. Орозбаковдун, С. Каралаевдин жана Ж. Мамайдын варианттарындагы тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн чагылдырылышы ........ 100

**Кененсариев Т.**
Ж. Мамайдын жана башка салттуу манасчылардын варианттарындагы мамлекеттүүлүк идеясы ........ 107

**Майрыкова М.**
«Семетей» эпосундагы кийим-кечелер жана алардын эпостогу орду (Жусуп Мамайдын варианты боюнча) ........ 112

**Мамбетжума М.**
Залкар манасчы Жүсүп Мамай менен Саякбай Каралаевдин вариантындагы музыкалык өзгөчөлүктөрдү салыштырып изилдөө ........ 115

**Момунбаева Н.**
«Манас» эпосундагы кийим-кечелердин кийүү салттары ........ 118

**Мукасов М.**
Манастын курал-жарактары ........ 121

**Садык Дабыт уулу**
Жүсүп Мамайдын вариантындагы "Манас" эпосунун трагедиялык өзгөчөлүгү жана анын эстетикалык кунары жөнүндө ........ 125

**Султаналиев И.**
Макмут Кашгаринин «Дивану лугати–т түрк» эмгеги жана «Манас» эпосу (Жусуп Мамайдын «Семетейинин» негизинде) ........ 130

**Эсен Айсабек уулу**
Жүсүп Мамай вариантынан "Манас" эпосунун калыпташуу доору жөнүндө ой толгоо ........ 132

**Эсен Айсабек уулу**
Жусуп Мамай вариантынан Манас прототибинин ким экендигине сереп салганда...... 138

**3-БӨЛҮМ.**
**ФОЛЬКЛОР ТААНУУ ЖАНА МАНАС ТААНУУ МАСЕЛЕЛЕРИ**

**Абакиров К.**
«Манас» эпосун изилдөө тарыхынан ........ 145

**Абдырасул Таш уулу**
"Манас" эпосу окуучуларга нарк жеткирет ........ 150

**Авазов Э. А.**
"Манас" эпосун алгачкы жыйноочулар жана изилдөөчүлөр ........ 152

**Адыл Ж.**
Эпос айтуучулук чөйрөнүн (контекст) манасчыга жана эпос вариантына болгон таасири ........ 156

**Акматова В. С.**
«Манас» эпосу жана кыргыз адабиятындагы идеялык күрөш: («Манас» эпосуна арналган биринчи илимий конференциянын (1935) адабий-тарыхый мааниси) ........ 161

**Анарбекова В. Э. Алдосова Б.**
"Манас" эпосундагы жоктоолор жана ага тарыхый сереп ........ 166

**Бикбулатова А. Р.**
«Манас» эпосунун 1000 жылдыгын майрамдоонун 20 жылдыгына карата ........ 168

**Дүйшеева Т.**
"Манас" эпосунун диний лексикасы ........ 170

**Жакиев Б.**
«Манас» эпосу жана манасчылык өнөр ........ 176

**Иманалиев С. С.**
Түш – бул байыркы кыргыздардын жана манасчылардын харизмалык касиетинин, каадасынын улантылышы ........ 178

**Исаков Б. М.**
"Кыргыз" этноними "Манас" эпосунда ........ 185

**Каратаев О.**
"Манас" эпосунда эскерилген айрым ири этностук топтор жана алардын кыргыздар менен алакалары тууралуу (наймандар, кара кытайлар, коңураттар, ойроттор) ........ 187

**Кожобеков М. Ч.**
«Манас» эпосундагы мекен маселеси ........ 194

**Кожоназарова Ы. М.**
*"Манас" эпосун философиялык өңүттө кароодогу толеранттуулук маселелери........ 198*

Манастын чапкынчыларга каршы жортуулда "канкор Манас" деп аталып калышы бекеринен эмес. Тарыхта көзгө урунган башка баатырлар да (Жаңгыр, Огуз каган) баатыр Манаска окшош канкор экендиги эпос өзүнөн абдан эле көрүнүп турат.

"Алп Манас" аталышы, ал кыргыздардын башынан кечирген баш аламан опурталдуу доордун, орошон окуя болгон жылдарды тушоосунда калган кыргыз элинин теңдик, боштондукка умтулуусуна өкүлдүк кылып өз рухий дүйнөсүндө жеңилбес кудуреттүү күчкө ээрчүп турган акыл-идирекке, тайманбас чыдамкайлыкка жана баатырдыкка ээ мүнөз болгондуктан, ал баары эле кыргыз элинин укмуштуу каарманы, өлбөс руханий азыгы, бүткүл балбандардын жол башчысы, ар жактан жетишкен алпы дешке болот. Демек алп Манас жалгыз баатырдык жакка, эрдик мүнөзгө каратылып эле калбастан, кубаты төрт тарапка тең жетилген алптыгына каратылган. Жалгыз баатырга ушул алты түрдүү сыймык ат тагынып эле калбастан, эпоско терең үңүлсөк дагы кошумча аттардын коюлгандыгын көрө алабыз. Залкар манасчы Эшматтын айткан "Семетей" бөлүмүндө Манаска дагы мындай аттардын ыйгарылгандыгын байкайбыз.

"Өлөңдүү жерге өрт коюп,
Өткүр Манас атыккан.
Туландуу жерге туу тыгып,
Туйгун Манас атыккан.
Кара Сууга кан куюп,
Канкор Манас атыккан.
Капыс жерден жоо сайып,
Кабылан Манас атыккан".

Кантсе да, бул аттардын изин кууп келсек, башында биз ортого койгон көзкараштардын алкагынан алыстап чыгып кете албайт.

Айтмакчы, залкар манасчы Жүсүп Мамай абабыз айткан Манаска берилген бул энчилүү аттар тээ алыскы Энесай доорундагы шаман дининин туундусу болуп, бизге жаңыча символдук маани менен калыптанган жана жалпылашкан деп карар элем.

**Анарбаева Г. А.,**
т. и. к., доцент,
**Анарбекова В. Э.**
ЖАМУнун окутуучусу
(Жалал-Абад ш., Кыргызстан)

## "МАНАС" ЭПОСУНДА СӨӨК КОЮУ САЛТЫНЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

(Жусуп Мамай варианты менен "Манас" эпосунун материалдарынын негизинде)

Бул макалада кытайлык манасчы Жусуп Мамайдын айткан "Манас" эпосу менен кыргыз элинин "Манас" эпосундагы "сөөк коюу" салты салыштырылат. Анткени, көз жумган инсандын сөөгүн ардактап жерге жашыруунун жөрөлгөсү байыркы кыргыз элинде жакшы сакталган. "Сөөктү сактап" барктап көмүү салтынын түрк тилдүү элдерде учурагандыгын өз учурунда И. Я. Бичурин да белгилеп кеткен. Мисалы,

Менин көзүм өткөн соң,
Кылыч менен кырдырып
Кымыз менен жуудуруп,
Чарайна менен чаптатып,
Булгаары менен каптатып,
Ак казаным жасатып,
Кара макмал бүктөтүп,
Астыңкы жолдун үстүнө,
Үстүңкү жолдун астына,
Айга баккан ак сарай
Ак сарайлап коё көр.

Күнгө баккан көк сарай
Көк сарайлап коё көр [1. 81]

Мында Көкөтөйдүн жансыз денесинин сөөгүн этинен бөлүп алып, тазалап, табытка салып, анан жерге коюу тууралуу сөз болуп жатат. Бул элдик оозеки чыгармачылыкта гана эмес, жазма адабиятта да сейрек кездешүүчү өзгөчө маалымат адамдын сөөгүнөн этин ажыратып, сөөктү жерге коюу салты байыркы замандагы дүйнөлүк негизги диндердин бири болуп эсептелинген зороастризм динине таандык болгон. Илимпоздордун далилдөөсүнө караганда бул динди алып жүрүүчүлөр бир кезде (б.з.ч. VI-к.- б.з. VII-к-на чейин) Волганын Чыгыш тарабын мекендеген көчмөн элдерде пайда болуп, кийин Ирак ж-а Индия империяларына таркаган. Анда маркумдун сөөгүн жөн гана жерге көмүп тим болушпастан, аларды атайын жасалган ассуарилерге (өзгөчө табыттарга) салып ата-бабасынын сөөктөрү сакталып турган ыйык ибадат каналарга (храм) алып барып коюшкан. Мындай ибадат каналар дөөлөтүнө жараша алтын, күмүш оймо-чиймедеги өзгөчө кооздуктар менен жабдылган. Мурунку кездерде мындай сөөктөр аска таштын бооруна атайын оюлуп жасалган үңкүрлөрдүн ичинде сакталган. Көпчүлүк учурда маркумдун сөөгү менен кошо анын кейпи түшүрүлүп чоподон, жыгачтан, таштан, калайдан же алтын, күмүштөн (байлыгына жараша) жасалган чоң же кичине көлөмдөгү өзгөчө эстеликтер кошо коюлган. Ушундай ыкма менен сөөк коюу салты “Манас” эпосунда да жолугат. Саякбай Каралаевдин вариантында Манас өлгөндө анын өзүнө окшоштуруп теректен чаап адамдын сөлөкөтүн жасап табытка салып Таластагы күмбөзүнө көмүшөт да, Манастын чыныгы денесине (сөөгүнө) алтын, күмүштөн жасалгалуу кийим кийгизип, курал-жарагы менен кошо Эчкиликтин зоосундагы Кара үңкүргө алып барып коюшат. үңкүрдүн ичине бир канча үйүр жылкы кенен батат деп айтылат. Анын оозу таш менен бекемделип жабылат, сыртынан дайыма көзөмөл жүргүзүлөт.

Манас баатыр ооруп жатканда Каныкей:
Эчкилинин ташынан,
Өлө электе Манаска
Жай камдаткан башынан
Оозун карап Каныкей
Жалгыз киши баткандай
Ары жагын көөлөткөн
Алты миң кой жаткандай [6, 309] - кылып, аземдеп мүрзө каздырган.

Археологиялык жактан караганда казанак көр болгон деп айтууга болот дешет изилдөөчүлөр[7].

Кийин ушул эле үңкүргө кайып болуп кеткен Семетей да кирип кетет. Андан мурун ал атасына бата кылып келип, бул жерден Манастын сөөгүнөн башка да анын жакын адамдарынын сөөктөрүн, курал-жарактарын көргөндүгү эскерилет. Башкача айтканда бул эпизоддордо аска боорунда оюлуп жасалган чоң үңкүргө зороастризм дининдеги бир уруу элдин өлгөндөрүнүн сөөгү коюлуучу көрүстөн жөнүндө баяндалып жатат деп айтууга негиз бар.

Өлүүлөрдүн күмбөзү делинген ушул үңкүрлөрдө же атайын салынган сөөк сакталуучу “мүрзөлөрдө” ар бир адамдын сөөгү салынган “табыттарга” ылайыкталган бөлөк-бөлөк бөлмөлөр жана текчелер жасалып коюлат. Ушул текчелерге коюлуучу “ассуарилердин” көлөмү, кооздуктары, оймо-чиймелери да маркумдун тирүүлүктө ээлеген ордуна, тектүүлүгүнө жараша болгон. Көпчүлүк учурда маркумдун тирүү кезинде жашаган үйүнүн сырткы кебетеси кичирейтилген формада чагылдырып берүүгө аракет жасалган. Дегинкиси ар кандай көрүнүштөгү күмбөздөр деле учурдагы адамдар керектеген турак-жайлардын өзгөртүлгөн көрүнүшү болгон. Мисалы, Чүй өрөөнүндөгү Кызыл-Суу чалдыбарынан табылган “ассуаринин” көрүнүшү кудум эле жасалгалуу “ак үйдүн” сырткы көрүнүшүн берип турат. Ошол эле жерге үйдүн керегесин, босогосун, туурдук боолорун, чийин менен чийип берип, эшик кайтарган эки сакчы курал-жарагы менен көрсөтүлгөн. Башкача айтканда бул “үйдүн” ичине коюлган сөөк атак-даңктуу адамдын сөөгү болгондугун айгинелеп турат. Ушуга байланыштуу Манастын күмбөзү да бир учурда Ак ордо үйдүн көрүнүшүндө салынгандыгын эске алып кетүүгө болот [2,259].

Ойроң катын Каныкей жалгыз жанга билгизбей, бир адамга көргөзбөй Желпиниш Урум элинен 70 уста-кулду алдырып, асылды ачык көмсөм арамза алты арам, кыйшык жүргөн душмандар ачып өчүн алат деп, Эчкиликтин Кара-зоосуна Манастын жайын каздырып оозун

жалгыз киши баткыдай кылып, аржагын көөлөтүп, 6000 кой жаткандай кенен кылып, үстү түшүп кетет деп, алтындан түркүк орнотуп, жакут таштан чырык салдырып, аккан кара сууну ичинен жүргүзүп, алтындан жаткыч салдырып, үстүнөн султан жаптырып, асты чирип кетет деп арчанын күлүн төктүрүп, өзүнчө катар жайын камдатып койду. Кулдар айтып коёт деп, жетимишин биротоло жайлады. Кан ордодогу алтын көк туунун ордуна кара туу сайылды. Ак ордого каралуу калайык бой боздоп, кара кийинди. Ак ордого жетинчи оң ыпта да он миң, сол ыпта да он миң эрен чекеге кара байланып, өйүз-бүйүз кызганак тартып, ортого кенен жол коюп, тоо жаңыртып, басылбай, чылгый өкүрүп турушту. Алыстан айкөлдү жоктоп келгендер бөйрөгүн мыкчып таянып, ортодогу жол менен ак өргөгө жетишти. Манас баатырдын сөөгү 40 канат, 3 ак өргөгө коюлган, өтмө катар болгон деп өргөнүн бирден катар керегесин алып койгон экен [2, 170].

Мисалы, Көкөтөйдүн керээзинде :

Көкөтөйдү койгондо,
Чакырган журттун далайын.
Аземин элге көргөзүп,
Алтындап салып сарайын [6, 143]

Бул саптардан күмбөз же өлүүлөрдүн сөөгүн сактаган ибадаткана жөнүндө сөз болуп жаткандыгы байкалат. Демек, Көкөтөй канга окшогон барктуу адамдардын сөөгү урмат-сый менен коюлгандыгы өзүнөн-өзү түшүнүктүү. Бирок, анын Бокмурунга айткан керээзинде:

Бүлдүргөн менен өлүктү,
Тирилип келген наркы жок.
Зөөкүрлүк кылбай жөн көмсүн,
Сөөгүмдү көмсүн баркы жок [5, 30] - деп айтылган камкордук жана аёо биринчиден зороастризм идеясындагы өзүнүн даана дүйнөлүк адамдардын кийинки тагдыры жөнүндө көрүлгөн камкордукка жакындашса, экинчиден ошол зороастризм учурунда өлүктү бүлдүрүп, ал тирилип келбесин деп этин сөөгүнөн ажыратып, зөөкүрдүк кылбай жөн эле көмүү жөнүндө айтылат. Башкача айтканда зороастризм калдыктарын сынга алгандыгы байкалат. Бирок Көкөтөй кандын өлгөнүн уккан эр Манас Бокмурунга кайрат айтып, Көкөтөйгө окшогон эл карысын өзгөчө нарк менен көмүү керектигин айтат:

Карыябыз Көкөтөй,
Кандын туусун аштагын.
Каркап кырк күн болгончо,
Көмбөй үйгө таштагын.
Кан атакем өлдү деп,
Калкка кабар салдырып.
Жетесин жерге токтотуп,
Ак жоолуктун баарына.
Атакелеп жоктотуп,
Нарк болсун кийинки өлгөнгө,
Айтуу болсун көргөнгө.
Аянбайлык Бокмурун,
Атаңды жакшы көмгөнгө[5, 40] - мында зороастризм учурундагы өлүктү сактап этинен ажыратып сөөктү көмүү салтынын туруктуу экендигин, барктуулугун айтып жатат.

Тарыхтан белгилүү болгондой кыргыз элинде жоодо курман болгон аскер башчыларынын сөөгүн этинен ажыратып, жүрөгүн өз мекенине алып келип көмүү салты белгилүү.

Айтылуу Курманжан датканын улуу уулу Абдылдабек чет жерге сүрүлүп, ошол тарапта «элим, жерим» деп жүрүп каза табат. Ата-бабасынын туулган жеринен алыста жүрүп, ку болуп, санаа тартып ооруп, өмүрүнүн акыркы ирмемдеринде өзү менен кан кечкен жолдо жоролоруна Абдылдабек мындай деген экен:

- Жан чыккан соң, көкүрөгүмдү жоо канжар менен жаргыла да жүрөгүмдү алгыла. Сөөгүм кара жердин койнуна бергиле, жүрөгүмдү ардуу ак кийизге ороп атып, ат тизгинин ка тарткыла, насип буйруп, жети кылым жети атабыз мекен кылган жерге жетсеңер гүл бас дөңгө түшүп, чуңкур казып көмгүлө. Жүрөгүм жат жерде калбасын, жүрөгүм өз Мекени жатсын. [4, 648].

Өлүм жана ага алып баруучу нерселердин бардыгы жамандык, тирүүлүк жана бекемдеген нерселер жакшылык. Жашоодо тирүүлүк-өлүм, жакшылык-жамандык оппози

...ментсе да жашоо улана берет. Жарыктыкта ар бир инсандын орду бар, жоготуу орду толгус кайгы. Мисалы, Бакай хандын баласы Байтайлак калмактар менен күрөштө каза болот. Анын башын бир бөлөк, денесин бир бөлөк кылып Күлчоро атасына өңөрүп келет. Атасынын, көзүнүн жашы көл болуп, сакалы ылдый жаш кетип, шалдырап мууну бошоп, Бакайдын шайы кетип, күйгөнүнөн кара көздөн кан аралаш жаш кетип ыйлайт. Бул эпосто төмөндөгүчө айтылат:

Кайгысына Бакайдын,
Карагай-кайың тал ыйлап.
Өчпөскө бүткөн күн ыйлап,
Өсүп чыккан гүл ыйлап.
Өз жат дебей баары ыйлап,
Токтоно албай тоо ыйлап.
Адыр ыйлап, жер ыйлап,
Аккан тунук суу ыйлап.
Айдың көлдө куу ыйлап,
Алты сан кара көп ногой .
Катын, эркек бүт ыйлап,
Элдин баары чуркурап.
Эси кетти буркурап [3, 307] - деп жалгыз кырчындай жаш баатыр өзүнүн түмөн кол аскери менен эл-жерди коргоо үчүн жарык дүйнө менен кош айтышкандыгын билдирет. Мындай трагедия жалпы эле эпикалык чыгармаларда кайталанат.

Жалпылап айтканда "Манас" эпосундагы сөөк коюу салты бүтүндөй кыргыз элиндеги маркумга болгон сый-урмат жана ар кандай ырым-жырымдар менен жерге жашырылгандыгы байыркы диний культтардын эл арасына кеңири тарагандыгы жөнүндө кабарлайт.

**Шилтемелер:**
1. ВЖЭ, "Ала-Тоо". - Ф, 1979.
2. Жусупов К. Манас эпосу. - Б, 1995.
3. Жусуп Мамай варианты. "Семетейден" // Кыргыздар. Кеңеш Жусупов. – Т.4. - Б, 1997,
4. Касымбеков Т. Сынган кылыч. Эки томдук тандалган чыгармалар, -Т.1. - Фрунзе, 1990.
5. Манас. Энциклопедия. – Т.2. - Б, 1995.
6. Манас. 1-бөлүм. 2-китепче. - Ф, 1959.
7. Молдобаев И. Б. Эпос "Манас" как источник по истории государственности кыргызов. – Б., 2004.

**Галып Садыр уулу,**
Актоо ооданынын
Маданият, дене тарбия,
теле мекемесинин башчысы
(Кытай Эл Республикасы)

# ЖҮСҮП МАМАЙДЫН АЙТУУСУНДАГЫ "МАНАС" ДАСТАНЫНЫН ВАРИАНТЫНДА МЕКЕН СҮЙӨРДҮК РУХУНУН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

«Манас» эпосу мамлекетибиздеги үч коохар (көөхар) деп аталган залкар чыгармалардын бири болуп, кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, салт-санааларын, бөтөн улуттар менен болгон карым-катнашын, жашоо шарт-жагдайын, адабиятын, медицинасын, курал-жарак аскердик түзүмдөрүн изилдөөдөгү негизги маселе болуп саналат.

«Манас» эпосунун эң толук нускасын «азыркы доордун тирүү - Гомери» деп саналып келген улуу манасчы Жүсүп Мамай атанын айтымы менен «Манас» эпосунун толук бөлүгүн кагаз бетине түшүрүп, Манастын улуу образы аркылуу кыргыз элинин тарыхын дагы да толуктап дүйнө маданият казынасынан орун алууга себепчи болуп, кыргыз элинин түндүгүн көтөрүп дүйнөгө дүңгүрөтүүгө, ары кыргыз элинин тарыхтан берки турмушунун ат жалында өткөндүгүн белгилүү жайлоо маданиятына ээ экендигин, кийинки урпактардын сыймыгы катары ардакталып сыйланып келүүдө. Бул сыймык бул ардак Манас эпосунун көлөмү жагына

5. Карасаев К. Кусеин-наама. – Б., 2009. – Б. 471.
6. Гордон Л. А., Клопов Э. В. Что это было? Размышления о предпосылках и итогах того, что случилось с нами в 30-40 годы. - М., 1989. - С.242.
7. Курманов З. К. Национальная интеллигенция 20-30 годов: Вклад в возрождение государственности кыргызского народа и борьбу с тоталитарно-авторитарным режимом. – Б., 2005. – С.378.
8. «Манас» - не признал себя виновным. – Б.: Илим, 1993.

**Анарбекова В. Э.,**
**Алдосова Б.,**
ЖАМУ
(Жалал-Абад ш., Кыргызстан)

# "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ ЖОКТООЛОР ЖАНА АГА ТАРЫХЫЙ СЕРЕП

Макаланын максаты "Манас" эпосундагы жоктоого арналган салттар жөнүндө т.а. кошок айтуу же маркумду даңазалоо салты деген суроолордун тегерегинде изилдөөнү туура көрдүк. Анткени, өлүм орду толгус кайгы-муң. Көпчүлүк изилдөөчүлөр да эпос кошоктордон улам келип чыккан деген ынандыраарлык ойду беришкен. Ошону менен катар бүгүнкү күндө аткарылбай калган бирок, ошол учурдагы тул салуу, сөөгүнө ээ болуу салты жана эпостун эң эле белгилүү бөлүмү катары аш берүү салты боюнча да маалымдалат.

Чоң казат эпизодунда кыргыздар чөлдөгү эрендердин сөөгүн талаадан жыйнап, бир чуңкурга ээр токуму, жарагы менен кошо көөмп, үстүнө соку таш койдуруп, баатырлардын баянын таш бетине кошо чектирди. Манас баатыр эр Чубакты, эр Сыргак эрендин ордосуна барып, жерге найзасын сайып, өкүрүп үн салды. Манас хандын ыйлаганын көргөндө, берендердин каралуу катындары чачтарын жайып, ай чырайлуу беттеринен кан аралаш жаш агызып буркурап турушту. Эр Алманбеттин сөөгүн Манас баатыр Чеч-Дөбөгө кыргызды салты менен аземдеп, башын Бээжинге каратып койду, Сарала тулпар ээси менен кошо жатты. Манас баатыр Алманбеттин ордосуна күнчүлүк жерден өкүрүп түштү.

Эсил кайран эгизим, жети түмөн кол келсе,
Желбегей кирип кол салган, Алманбет досум ала жат.
Алакем, кара жаак айбалта, кайкалатпай ким аштайт.
Каран күн түшкөн Бээжиндин, эми кадимки жолун ким баштайт?!
Алакем көзү өткөн соң, тирүү карап турамбы?!

Асыл Алмам шеримди кара жерге кыямбы?! – деп Манас баатыр Алманбеттин ордосунда бирде сары зил кусуп, эстен танып, бирде эсине келип, бүк түшүп ыйлап турду [4, 166]. Бул өңдүү ыр саптары баатырдык идеяны ого бетер тереңдетип бекемдеп жатканын көрүүгө болот.

Баатырлар өлгөндө жесирине тул салдырып, алтымыш кошокчу аял кошуп, аза күткөнү Манас өлгөндө;

Алтымыш катын кошокчу,
Тул түбүндө Акылай.
Баягы кайран жеңең Каныкей,
Боздоп турду буркурап.

Кошуп эле турат чыркырап [7, 329] - деген саптарда жалпы эле кошоктордун айтылуусу кыз-келиндерге таандык экендиги жөнүндө баяндалат. Бирок, мындай ырааттуулук ар дайым эле сакталбайт. Жогоруда ырасталгандай убагында жоктоо эркек кишилерге да таандык болгон.

Ак ордонун ортосунда алтын мамы каралап, башын жерге салып турган Тайбуурул Ажыбайды жакындатпай, жүгөн салдырбай, жетелегенине баспай айдаса ордунан жылбай койду. Хан айымы Каныкей жетелесе да козголбоду. Баатырга аза тартканын көргөн Каныкейдин көзүнөн буурчактаган жаш кетти.

Алыстан айкөлдү жоктоп келгендер бөйрөгүн мыкчып таянып, ортодогу жол менен ак өргөгө жетишип баатырды жоктошкон [4, 170]. Мындай жоктоо салты эл арасында XIX кылымдын аягына чейин сакталган. Көчмөнчүлүк учурда маркумду эскерип, эң жакындары (маркумдун аялы, апасы же эже-карындаштарынан бирөөсү) жолмо-жол кошок кошуп

токтошкон. Азалуу көчтү «Каралуу көч» деп аташкан. Мындай көчтүн алдынан кыя өтүлбөгөн жана ал токтотулбаган, каршылаш душмандары да кол салбаган. Бул көрүнүш өлүмгө болгон сый-урмат катары бааланган. Көчтүн астында маркумдун минген атына кара жабуулаган ээр-токуму менен кара жалпооч жабылып, ээр кашына камчысы, кылычы, жаасы илинип, найзанын учу жерге каратылып байланган. Кайгынын аты эсептелген «кара атты» маркумдун «Жан досу» же бир тууган иниси жетелеп, көч алдында жол баштаган. Көчтү көргөн кимде-ким болсо да жол бошотуп, четке чыгып, көчтү өткөзүшкөн. Жолдо болуп жаткан ар кандай шаан-шекеттер токтотулган. Колдон келишинче жардам берилип, көчтүн буйдалбастан өтүп кетүүсүнө көмөктөшкөн. Каралуу аял кара кийими менен ат үстүндө эки бөйрөгүн таянып кошок кошкон, анын атын жеңеси же абысындарынын бири жетелеп жүргөн. Негизги көч булардан кийинки катарда гана жолго чыккан [2, 4-5].

Каныкейдин кошогунда: “Кара чачы жайылып, кандуу бети жыртылып” кара кийип кайгыга баткан кан баатырдын жесири асылынан айрылган армандуу күйүтүн кошокто чагылдырат. Кеңеш Жусупов “Өткөн заманда күйөөсү өлгөн жесир аял бетин беш манжасы менен каната тырмап, так салып, кара кийинип, аза күтүп, үй ээсин күнүнө үч маал жоктоп кара жылына чейин кошок айткан” [3, 305] деп жазат.

Саякбай Каралаев Каныкейдин күйүтүн төрт сап ырда эле апыртуу ыкмасы менен таасын айтат. Айкөлүнөн ажыраган Каныкей “тарак тийбес кара чачынан” жулуп ыргытканда “тал-тал токой бүтөт”, көз жашынан “дайра болуп кара суу агат” [6, 306].

Бирок, кантсе да кошокто аялдын жеке кайгысына караганда баатырдын артындагы туягы жаш, башчысыз калган кыргыз калкынын тагдыры, келечеги жөнүндөгү ой, ата журт темасы алдыңкы катарга чыгат:

А дүйнө кеткен сен болдуң,
Азапты тарткан мен болдум.
Береги кара жаак айбалтаң,
Кайкалатып ким аштайт?
Сурап ичме тойбогон,
Сугалагын койбогон.
Аргын кыргыз элиңди,
Тополоң кылбай ким баштайт?

Манастын абасы Кошой хан дагы ушундай кошок кошот:

Манасым, кара жаак айбалта,
Кайкайлатып ким аштайт,
Каңгайдан болсо чоң мүшкүл,
Алакандай журтумду,
Мунун акылын таап ким баштайт?
Долоно саптуу ай балта,
Толгондурбай ким саптайт?
Береги толуп жаткан журтуңду,
Тозок бир келсе манжуудан,
Мунун топ-тобун бузбай ким баштайт?” [6.304]

Эпосто өз орду жана чыгармачылык чеберчилик менен колдонулган кошок ырлары окуянын кульминациялык чегин, башкача айтканда жалпы кыргыз элинин башына күн түшүп тургандыгын угуучулардын сезимине жеткирүүдө зор роль ойнойт. Кыргыз калкынын мамлекеттүүлүгүн бекемдөөдө азаттыкка умтулуп, өз көзкарандысыздыгын сактап келгендигине кошоктордун да таасири болгондугу келтирилген мисалдардан көрүнүп турат.

Кыргыздарда өлгөн эркектин үйүндө маркумду элестетүүгө тийиш болгон куурчак сымал тул жасоо салты болгон. Тикесинен коюлган жаздыкка маркумдун чапанын кийгизип, үстүнө анын чалмасын коюп коюшкан. Тул бурчка орнотулуп, көшөгө тартылат. Тул коюлган бурч тарапка ызаат мамиле жасашат. Маркумдун тулу аш берилгенге чейин, б.а. бир жыл сакталат. К. К. Юдахин белгилегендей [9, 764], тул эрди-катын жатчу жайдын үстүнө илинип коюлат. Жесир тулдун астында отуруп, маркум күйөөсүн жоктоп ыйлайт [1, 229]. Бул салт бара-бара тез эле жоюлуп кеткен. Бирок, эски убактарда тулдардын тулкусун жыгачтан жасашып, ага өлгөндүн кийимин кийгизишкен. Тулдун жыгач тулкусун жана маркумдун боз үйүнө коюлган желек илинген бийик баканды аш берилгенден кийин отко таштап, өрттөп жиберишкен.

Кыргыздардагы өлгөндүн тулун жасоо сыяктуу окшош салт казактарда бар экендигин А. Левшин жана Г. Н. Потанин [5, 110], осетиндерде бар экенин В. Миллер жана М. М. Ковалевский[8, 204] белгилешкен.

Хан Кошой, Хан Бакай, Эр Төштүк, Эр Көкбөрү, Коёнаалы баатыр болуп Каныкейди алып, Манас хандын сөөгүн сууга алып, сурпка салып оротуп, табытына жаткырып, 40 эшенге көтөртүп, Эчкиликтин зоосуна коюшкан. Манастын сөөгүнө жараша кылычын илип коюшту [4, 171]. Шер Бакай теректен Манас өңдүү керетти колун колдой, бутун буттай окшоштуруп жасатып, сурпка салып оротуп, булгаары менен чаптатып, ак кийизди жаптырып, табытына салдырып даярдап коюптур. Андан ары эпосто айтылгандай, Манастын сөөгүнүн ордуна күмбөзүнө анын жыгачтан жасалган тулу көмүлгөн. Демек, бул байыркы кыргыздардын тул салуу салты соңку жаңы мезгилдин биринчи чейрегине чейин калк арасында сакталып келгендигин С. М. Абрамзондун изилдөөлөрүнөн учуратууга болот.

Хан Манастын кыяматтык жары болгон каралуу Сайкал нур чырайлуу ак бетин кандап, алыздой болгон чачын жайып, кан аралаш аккан жашы тизесинде шорголоп, 40 чоросун ээрчитип, кынта конуп өз айлына барыптыр. Ордосуна жеткенде жан ачыган атасы касиеттүү Карача: "Манас деген кайран эр, кейибечү шер беле" деп, тул салдырып, 60 аялга кошок коштуруп коюптур. Ал күнү Сайкал бир түнөбөй дүнүйөдөн кайтыптыр. Сайкалдын сөөгү ошол бойдон табылбай калыптыр. Көзү ачык олуялар: "кызырлуу Сайкал кыяматтык Манаска журту менен коштошуп туруп, анан кеткен көрүнөт" деп айтышкан экен. Манас менен дос болгон Урумкандын Көкбөрүсү белекке айкөлдүн чатырын алып кайтып бараткanda жолдо жоо кол салып, Көкбөрү окко учуп кайтыш болот. Көрсө Манас 12 жашар баланы жолдош кылып алуунү суранган экен, ошондо ал Теңирдин буйругу менен жолдош болуптур.

Демек, "Манас" эпосундагы маркумга болгон сый-урмат жоктоолор аркылуу берилгенин байкадык жана андагы айрым бир саптар бүгүнкү күндөгү кошок ырлары менен түздөн-түз үндөшөт. Ошону менен катар маркумду жерге жашыруу салтынын айрым бир көрүнүштөрүн журт арасынан кезиктирүүгө болот.


**Шилтемелер:**

1. Арамзон С. М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. - Бишкек, 1999.
2. Айдаркулов К. А., Мырзабаева Н. С., Анарбекова В. Э. Кошок – инсанды эскерүү жанры. - Жалал-Абад, 2014.
3. Жусупов К. Кыргыздар. - Бишкек, 1995. 1 том.
4. Жусупов К. Манас. - Бишкек, 1995
5. Левшин А. Описание киргиз-казачьих, или киргиз-кайсацких орд степей, ч.III. Этнограф. известия, - СПб., 1832, стр. 110; Потанин Г. Н. Очерки Северо-Западной Монголии, вып. IV, - СПб., 1883, стр. 699
6. Манас. 1-болүм. 2-китепче. - Фрунзе.,1959.
7. Манас. Энциклопедия. - Бишкек, 1995. 1-том. 329-б.
8. Миллер В. Черты старины в сказаниях и быте осетин / Журн. Мин. народного просвещения, 1882, август, ч. CCXXII, Стр. 204; Ковалевский М. М. Очерк происхождения и развития семьи и собственности. - М., 1939, стр. 71.
9. Юдахин К. К. Кыргызско-русский словарь. - Москва, 1965.



**Бикбулатова А. Р.**

Жусуп Баласагын атындагы
КУУнун Археология жана
этнология кафедрасынын башчысы
т. и. к., доцент
(Бишкек ш., Кыргызстан


# «МАНАС» ЭПОСУНУН 1000 ЖЫЛДЫГЫН МАЙРАМДООНУН 20 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА

Суверендүү Кыргызстандын соңку жаңы тарыхындагы эң алгачкы алгылыктуу коомдук-саясий окуялардын бири бул- «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесине даярдык 199[...] жылдын 20-июнунда "Манас" эпосунун 1000 жылдык маарекесин белгилөө жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин Указы жарык көргөндөн башталат. Указда "Манас" эпосунун 1000 жылдыгына даярдык көрүү жөнүндө төмөндөгүдөй жазылат: "Манас" эпосу дүйнөлүк залкар элдик оозеки чыгармачылыктын эң бийик үлгүсү, кыргыз уламыштарын